**Жусуп Баласагын атындагы КУУ**

**Факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасы**

**Кыргыз тили жана адабияты боюнча мамлекеттик сынактын болжолдуу суроолору**
**В2 денгээли (3-4 курстар үчүн)**

1.Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө качан ээ болду?
2.Октябрь революциясынан кийин кыргыз эли колдонгон жазуулар?
3. Боз үйдүн оң жагы ?
4.“ Кут алуучу билим ” эмгегинин автору?
5.Чынгыз Айтматовдун акыркы романы?
6.Т.Касымбековдун калемине таандык негизги чыгарма?
7.Токтогул Сатылганов ким болгон?
8.Шекспирдин “ Отеллосун”, А.С. Пушкиндин “ Евгений Онегин” чыгармаларын кыргызчалаган котормочу?

**9.Бул кайсы иш кагазы?**

**Урматтуу Шакен Туратович !**

Сизди жубайыңыз менен биздин балдарыбыз Алмагүл менен Бактыбектин никелешүүсүнө байланыштуу тоюбуздан даам сызып кетүүгө чакырабыз . Той 2019 – жылдын 10 – декабрында саат 18 де “ Дасмия ” ресторанында той өткөрүү залында башталат.

Сизди урматтоо менен , Адылбековдордун үй - бүлөсү.

10. **Бул кайсы иш кагазы?**

Мени 1-чи курстун, ПИ-23 группасынан БИ -23 группасына которууңузду суранам, анткени бул группада мага кызыктуу.

**11. Бул кайсы иш кагазы?**

Урматтуу студенттер, сиздерди 23-сентябрь мамлекеттик тил күнү менен чын жүрөктөн куттуктайбыз жана майрамдык концертке чакырабыз. Концерт Ж.Баласагын атындагы КУУнун 248-кичи залында, саат 15.00 -17.00го чейин өтөт.

Тарых факультетинин студенттик коому.

12. *Ата – эненин кадырын ,* __________ макалды толуктагыла.

13.Кыргыз эли азыр кайсы жазууну колдонууда?

14.Кандай сөздөр неологизмдерге кирет?

15.«Ата Журт» аттуу ырдын сөзүн кайсы акын жазган?

16.Ч.Айтматов жазуучулуктан башка кайсы кесипте иштеген?

17.Арыз кимдин наамына жазылат?

18.Аткаруу шартын койгон иш кагазы?

19.Жусуп Баласагын кайсы доордо жашаган?

20.Курманжан датка ким болгон ?

21.Кыргыз элинин байыркы турагы?

22. Өнөр алды – кызыл тил дегенди кандай түшүнөсүң?

23.Жарыя кимге карата жазылат, айтылат?

24.«Уктабай» деген сөзгө кайсы фразеологизм маанилеш?

25.Эл башчыга кайсы сапат мүнөздүү болуу керек?

26.Жусуп Баласагындын чыгармасы кандай аталат?

27. Кыргыздардын эң белгилүү демократ акыны ?

28.Ырыс алды___?

29.Бардык жарадарга_______бирдей болгон мыйзам?

30.Замана акындарына кимди билесиз?

31.Кыргыз элинин эң чоң жана дүйнөгө белгилүү эпосу?

32.Ишеним берүү кайсы иш кагазында колдонулат?

33.Өмүр баянда ким жөнүндө кеп болот?

34.БУУ кандай сөзгө кирет?

35.Кыргызстандын Эгемендүүлүк күнү качан белгиленет?

36.Касым Тыныстанов ким болгон?

37.Архаизм сөздөр эмнени билдирет?

38.Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолундагы» **кат** кимге таандык?

39.Роман кайсы жанрга кирет?

40.Арызды кимдер жаза алат?

41.«Мен таза болсом, сен таза болсоң, коом да таза болот» кимге таандык ?

42.Улуттук баш кийимдер ?

43.Кут деген сөз эмени билдирет?

44.Чөбөрө кимдин баласы?

45. Санжыра деген эмне?

46.Алас-алас-алас ар балееден калас деп качан айтылат?

47.Көр оокат дегенди кандай түшүнөсүн?

48.Асан кайгы ким болгон?

49. Улуу Алай ханыша Курманжан датка кайсы кыштакта төрөлгөн?

50.Кайсы учурда жол азабы көр азабы деп айтылат?

51.Күч күйөө бул?

52.Куруу аякка бата жүрбөйт деп кайсы учурда айтылат?

53. Бата бул?

54. байыркы кыргыздардын негизги турак жайы?

55.Жарыя кандай максатта колдонулат?

56.Жумушка киргенде кандай документти толтурат?

57.Чет мамлекеткетке чыкканда кандай документти толуруш керек?

58.Өмүр баян кайсы учурда жазылат?

59. Мүнөздөмө ким................. тарабынан берилет?

60. Арыз жазуу кандай зарылдыктан улам келип чыккан?

61. Кайсы учурда өргүүгө (отпуск) чыгууда кызматкердин эмгек акысы төлөнбөйт?

62.Арыздын 2- маалым дарегинде (реквизитинде) эмне жазылат?

63.Өздүк иш кагаздарына кайсылар кирет?

64.Буйрук качан мыйзамдуу түрдө күчүнө кирет?

65.Иш кагаздарында кайсы сөздөр дээрлик колдонулбайт?

66. Эң көп жаңгак багын Кыргызстандын кайсы токоюнан кезиктирүүгө болот?

67. Кыргызстандагы эң чоң көл?

68.Керээз бул -……………….

69. " Манас" эпосундагы негизги **идеялардын** бири?

70. Жусуп Баласагындын көз карашында бул ааламда **эң керектүү нерсе**?

71. Кыргыз республикасынын эгемендүүлүгү **качан** кабыл алынган?

72. Манас эпосундагы Манастын жубайынын **чын аты**?

73. Кыргыз республикасынын президенти болуп аялдардан ким болгон?

74. Кыргызстандын кайсы аймагында көбүнчө мал багат?

75. "Манас" эпосун кимдер изилдеген?

76. Кайсы майрам диний майрамы болуп эсептелет?

77. Кыргыз республикасынын алгачкы президенти ким болгон?

78. Сүйлөмдү туура аяктагыла

79. Кыргыз сому качан пайда болгон?

80. Ж.Баласагын ким болгон?

81.Ж.Баласагын кайсы жылы туулган?

82. Эмне үчүн илимпоздун туулган жери Күз ордо деп аталат?

83. Куттуу билим дастанында эмне жөнүндө жазылган?

84. "Куттуу билим" дастанын байыркы түрк тилинен кыргыз тилине ким которгон?

85..Укуктук нормаларды камтыган ______ стили. Көп чекиттин ордуна кайсы стиль жазылат?

86.Мыйзам же жобо аркылуу документтерде белгиленген милдеттүү түрдө болуучу маалыматтардын жыйындысы?

87.«Резюме» сөзү кайсы тилден кабыл алынган?

88.Урматтуу бишкектиктер жана меймандар! Көңүл бургула! Көңүл бургула! Бул кайрылуулар кайсы иш кагазына тиешелүү?

89.*Майрам күндөрүнө байланыштуу 1-курстун студенттерине кыргыз тили жана адабияты сабагынан экзамен 2020-жылдын 5-январына саат 9. 00гө которулду.* Бул сүйлөм кайсы иш кагазына тиешелүү?

90.Бул дарекке тыныш белгилерин туура кой.

*Дарегим Бишкек шаары 10 кичирайону*

*10 үй, 10 квартира. Телефонум 29-68-*

91. Кайсы стильге кирет?

Бүгүн менин досум чет өлкөдөн келет, мен абдан толкунданып, кубанып жатам.

92. Фразеологизмдерге мисал келтириңиз?

**Макалдарды улантып аяктагыла**

93.Илим менен билимге көпүрө ______________________________

94.Айтпа, айткандан кийин______________________________

95.Билбеймин деген бир сөз, билемин деген миң ___________

96.Жакшы сөз – суу, жаман сөз ______________________________

97.Жакшы сөз таш эритет, жаман сөз баш________________

98.Чалдын көркү_________ сөздүн көркү________________

99.Эң ачуу да – тил, эң таттуу да________________________

100. Адилет сөз ______________________________________

Түзгөндөр: факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучулары

Кафедра башчысы: ф.и.к, профессор Г.К. Осмоналиева

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасы.